**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**

**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.16.528**

**Кол жазма укугунда:**

**УДК 947.1/9:342.54(09) (575.2)**

**ЗУЛПУЕВА РАБЫ ЖАҢЫБАЕВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАНДЫК КООМУНУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ТАРЫХЫЙ ТАЖРЫЙБАСЫ (1991-2012)

**Адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

# А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы

**Бишкек – 2016**

**Диссертациялык иш Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун «Тарых» кафедрасында даярдалды**

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Кененсариев Ташманбет**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору
**Койчуманова Чолпон Урушбековна**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Омүрова Жамыйкат Орозбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** **Ош технологиялык университетинин Коомдук илимдер кафедрасы**
Дареги: Ош шаары., Исанова көчөсү 81

Диссертация 2016-жылдын «31» октябрда саат 14 дө 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана Маданий Мурас Институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) жана окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а, 2-корпус, жыйындар залы

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а.

Автореферат 2016-жылдын «30» сентябрда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т. и. д.** **Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстан мамлекет менен өлкөдө жашаган жарандардын жана ар түрдүү коомдук уюмдардын өз ара цивилизациялуу алакаларысыз өнүгө албайт. Алардын ичинен эң башкысы «жарандык коом» болуп саналат. Анткени өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн негизги кепили - толук кандуу, иштиктүү жарандык коом экени талашсыз. Азыркы учурда Кыргызстандын жарандык коомунун саясатта, социалдык-экономикалык жашоодо, гуманитардык-маданий иш-чараларда орду бараандуу. Кыргызстандын жарандык коому мамлекет менен ачык эле конструктивдүү өнөктөштүккө чыга алат, аны сынга алат, атүгүл радикалдык да пикир айта алат. Ошол эле учурда Кыргызстандын жарандык коому менен мамлекеттик аппараты өнөктөш-партнер катары иштешет. Демек, кыргыз коомундагы мындай мааниси зор институтту илимий таризде изилдөө милдет. Маселенин экинчи жагы, азыркы цивилизациялуу дүйнөнүн көпчүлүгүндө илимпоздор «жарандык коом» аталышына коплекстүү, так, акыркы аныктама берише элек. Демек, «жарандык коом» жөнүндөгү маселе назарияттык (теориялык) жактан да, амалияттык (практикалык) жактан да изилденип бүтө элек. Кыргызстандын жарандык коомунун түптөлүү жана өнүгүү өзгөчөлүгү анын советтик-тоталитардык коомдон демократиялуу коомго өтүүсүндө жатат. Андагы өзгөчөлүктөр аталган теманын актуалдуулугун жана илимий-теореялык маанисин күчөтөт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланыштуулугу.** Диссертация мамлекеттик жана ведомстволук долбоорлор, программалар менен байланыштуу эмес. Илимий иш изденүүчүнүн жеке демилгеси менен даярдалган эмгек.

**Изилдөөнүн объектиси** – болуп эгемендүү Кыргызстандын мисалындагы жарандык коом эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** – болуп Кыргызстанда жарандык коомдун түптөлүү жана өнүгүү жараяны, анын теориялык негиздери, ишмердик тажрыйбасынын приоритеттүү багыттары саналат.

**Диссертациялык иштин максаты** – 1991-2012-жылдарда эгемен Кыргызстандын жарандык коомунун теориялык негизин, калыптанышын жана ишмердик тажрыйбасын комплекстүү изилдөө эсептелет.

*Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:*

1. Кыргызстандын жарандык коомунун тарыхнаамасына мезгилдерге бөлүү менен сереп салуу. Изилденүүчү теманын булактык базасын аныктоо, изилдөө методологиясын жана ыкмаларын сыпаттоо.
2. Жарандык коомдун жаралышынын жана маңызынын теориялык негиздерин, принциптерин жана постсоветтик өлкөлөрдөгү өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
3. 1991-2012-жылдарда Кыргызстандын жарандык коомунун калыптануусунун жүрүшүн мезгилдештирүү менен иликтөө.

4. Жарандык билим берүүнүн структурасын жана анын коомдук маанисин талдоого алуу.
5. Кыргызстандын жарандык коомунун мамлекеттик бийлик менен болгон карым-катнашын мезгилдерге бөлүү менен ачып берүү.
6. Кыргызстандын жарандык коомунун 1991-2012-жылдардагы түрдүү багыттагы ишмердик тажрыйбасынын приоритеттүү багыттарына талдоо жүргүзүү:
   - 2010-жылдагы Июнь окуяларынын мезгилиндеги Кыргызстандын жарандык коомунун ишмердигин кароо;
   - Кыргызстандын жарандык коомунун адам укуктарын коргоого карата иш-тажрыйбасын күч структуралары, коопсуздук, коррупцияны оздуктоо аспектисинде талдоо.
7. Кыргызстандын жарандык коомунун келечек өнүгүүсүнүн жакшырышына карата бир катар практикалык сунуштарды берүү.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптанышынын алкагында жарандык коомдун теориялык негиздерине тарыхнаамалык жана булакнаамалык сереп салынды;
- Жарандык коом түшүнүгү, анын ички теориялык негиздери жана кыргыз коомчулугундагы өзгөчөлүгү заманбап көз караштарды эске алуу менен иликтенип, бир катар белгилери биринчи жолу мамлекеттик тилде сунушталды;
- Кыргызстандын жарандык коомунун алкагындагы «коомдор», «бирикмелер», «ассоциациялар», «өкмөттүк эмес уюмдар», «коммерциялык эмес уюмдар», «жарандык коомдук уюмдар», «үчүнчү сектор» сыяктуу терминдерге, аталыштарга кыргыз коомчулугунун азыркы реалдуу турмушун эске алуу менен берилген аныктамалар каралды;
- Массалык маалымдуулук жарандык коомдун өнүгүүсүнүн негизги кепили болгондуктан, Кыргызстандын жарандык билим берүү багытындагы аракеттери талданып, анын коомдук мааниси ачылып көрсөтүлдү;
- Кыргызстандын жарандык коомунун калыптанышы боюнча мурунку изилдөөлөрдө айтылган жыйынтыктарга жаңы кошумчалар киргизилди;
- Кыргызстандын жарандык коому менен мамлекеттин өз ара карым-катнашынын теориялык принциптери мезгилдерге бөлүү менен иликтенди;
- Кыргызстандын жарандык коомунун ар тармактуу иш-багыттарынын ичинен мурунку изилдөөлөрдө чагылдырыла элек 2010-жылдагы Июнь окуялары, коопсуздук, коррупция, күч структураларындагы адам укуктарын камсыздоо боюнча иш-багыттары алгачкы жолу изилдөөгө алынды;
- Кыргызстандын жарандык коомунун ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатууга карата сунуш-рекомендациялар берилди.

**Изилдөөнүн илимий жана тажрыйбалык мааниси.**

Изилдөөнүн жарандык коом, анын теореялык негиздери, тарыхый орду жана өлкөнүн өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндөгү жыйынтыктар тарых, саясат таануу, социология жана башка коомдук илимдер үчүн **илимий-теориялык**

мааниси бар. Ал эми **практикалык** жактан диссертациянын тарыхый фактологиялык материалдары илимий изилдөөлөрдө, жогорку окуу жайларынынын студенттерин окуутууда, окуу-усулдук иштелмелерди даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулат.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Жарандык коом жөнүндөгү теориялык негиздемелер, көз караштар жана аныктамалар байыркы антикалык доордон эле башталып, анын ички мазмунун, иш-багыттарын, коомдук ордун жана тарыхый миссиясын баалоо XVIII-XIX кылымдардагы философтор жана коомдук өнүгүү жөнүндөгү илим менен шүгүрлөнгөн ойчулдардын эмгектеринде тактала баштаган.
2. XX кылымдын ичинде, айрыкча батыштык ойчулдар жарандык коом жөнүндө теориялык негиздөөлөрдү улантып келишкен. Азыркы учурда жарандык коомдун ички мазмуну, миссиясы жөнүндөгү аналитикалык пикирлерди Россиялык, ошондой эле эгемен Кыргызстандын окумуштуулары да айтып, тереңдетүүдө.
3. Бирок, ушул мезгилге чейин жарандык коом жана анын уюмдары жөнүндө аныктамаларга толук жана так чекит коюла элек. Ошондуктан жарандык коомдун теориялык негиздерине жана анын «кыргыз өзгөчөлүктөрүнө» азырынча жыйынтык баа берүү эрте.
4. Ошого карабастан эгемендик жылдарында Кыргызстандын жарандык коому толук кандуу коомдук институтка айланып, анын кыргыз коомчулундагы жана болочок демократиялуу өнүгүүсүндөгү орду чоң.
5. Жалпы коомчулуктун маалыматтуулугу жарандык коомдун негизги белгилеринен болуп эсептелет. Кыргызстандын жарандык билим берүүсү анын приоритеттүү ишмердигине кирет жана ал багытта бир топ алдыга жылуу байкалат.
6. Кыргызстандагы жарандык коом менен мамлекеттин карым-катнашы демократиялык нукта жолго коюлган. Мыйзамдык негизде ал тиешелүү деңгээлде уюшулган, бирок практикалык иш-тажрыйбада али бир катар көйгөйлөр бар.
7. Кыргызстандын жарандык коомунун иш аракеттери ар түрдүү жана ал өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасын кайталап турат. Мамлекет, экономикадан кийинки «үчүнчү сектор» деп аталган Кыргызстандын жарандык коомунун азыркы кыргыз коомундагы орду, анын өнүгүүсүндөгү ролу бараандуу.
8. Кыргызстандын жарандык коомунун адам укуктарын сактоо багытында 2010-жылдагы Июнь окуялары, коопсуздукту күчөтүү, коррупцияга каршы күрөшүү, күч структураларында адам укуктарын камсыздоо боюнча иш аракеттери олуттуу.
9. Кыргызстандын жарандык коомунун ишмердигинин келечекте жакшырышы тийешелүү практикалык кеп-кеңештерге жана сунуштарга байланыштуу. Ошондуктан изилдөө бир катар практикалык сунуштар менен коштолот.

**Иштин авторунун жекече илимий салымы**

- Эгемендүү Кыргызстандагы жарандык коомдун теориялык негиздери, түптөнүшү, калыптанышы тарыхый аспектиде комплекстүү, тарыхый-хронологиялык жана тарыхый-проблематикалык тартипте изилденип, ал жыйынтыктар алгачкы жолу кыргыз тилинде ирээтке салынат.
- Эгемендүү Кыргызстандын жарандык коомунун азыркы тажрыйбасынын негизинде Кыргызстандын жарандык коомунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жарандык коомдун теориялык негиздемелерине жаңыча аныктамалар сунушталат.
- Кыргызстандын жарандык коомунун иш багыттарынын бири болгон жарандык билим берүү алгачкы жолу иликтенет.
- Кыргызстандын жарандык коомунун 2010-жылкы Июнь окуясы мезгилиндеги иш-аракети алгачкылардан болуп анализделет.
- Кыргызстандын жарандык коомунун акыркы жылдардагы иш тажрыйбасынын айрымдары: мамлекет менен карым-катнашы, коопсуздукту бекемдөө, коррупцияга каршы күрөшүү жана күч структураларында адам укуктарын коргоо багытындагы ишмердиги азыркы көз караштa сыпаатталат.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** 1991-2012-жылдар аралыгын ичине камтыйт. Бул хронологиялык мезгил шарттуу алынган, тема 2012-жылы бекитилгендиктен диссертациялык изилдөөнүн жогорку чеги 2012-жылга жеткирилген. Бирок, Кыргызстандын жарандык коомунун ишмердигин комплекстүү ачып берүү үчүн атаган чектен белгилүү деңгээлде чыгып кетүүлөр да жолугат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертацияда келтирилген илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда, автордун иш ордундагы окуу процессинде апробацияланган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү.** Изилдөөнүн негизги жоболору ата мекендик жана чет өлкөлүк публикацияларда берилген. Тема боюнча жалпы 7 макала жана 1 монография (“Кыргызстандын жарандык коому: теориясы, калыптанышы жана түшүнүктөр”) жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 баптан, 8 параграфтан, корутундудан, практикалык сунуштардан, 292 аталмадан турган колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмесинен, 2 тиркемеден турат. Диссертациялык иштин көлөмү тиркемелер менен бирге 203 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Кыргызстандын жарандык коомунун тарыхнаамасы, булактарга сереп, изилдөө методологиясы жана ыкмалар»** деген аталыштагы биринчи бапта «жарандык коом» эң байыркы түшүнүктөрдөн болуп, ал антикалык окумуштуулардан баштап, өткөн кылымдын аягына чейин ойчулдар жана илимпоздор өз эмгектеринде «жарандык коомду» кеңири жана ар тараптуу

анализдешкендиги белгиленет. Тарыхнаама региондук жана убакыт ченеми менен мезгилдерге бөлүнүп сыпатталган.

*Жаңы доордогу Батыш тарыхнаамасы.* XX кылымдын ичинде жарандык коом теориясына ири салым кошкон италиялык философ А. Грамши (1891-1937). Ал жарандык коом өнүккөн сайын чечүүчү ролго ээ болуп, мамлекет өлкөнүн «тышкы кабыгын» элестетип калат, ошондо гана мамлекет менен жарандык коомдун өз ара тең салмактуулугу же балансы орнойт деп жазган [64, 122-135-бб.]. Батыш өлкөлөрүндө жарандык коом маселесине кеңири көңүл бөлүп жатышкан окумуштуулардын арасына Ф. Хайекти [283], жарандык коомду плюралисттик мүнөздөгү коом деп санаган англиялык философ Э. Геллнерди [181, 101,135-бб.], «жарандык коомдун эң түзүгү – бул чыгармачыл баш-аламандык» деп эсептеген англо-герман философу Р. Дарендорфту [192, 67-б.], азыркы учурдагы жарандык коом теореясын кеңейтүүгө зор салым кошуп жаткан америкалык окумуштуулар Дж. Коэнди [215]., А. Аратону [41] жана башкаларды киргизүүгө болот.

*Соңку жаңы доордогу Россиялык тарыхнаама.* Жарандык коом жөнүндө изилдөөгө кызыгуу XX кылымдын 80-90-жылдарында активдүү башталып, ириде Россия федерациясынын окумуштуулары маанилүү салым кошуп жатышат. Аларга В.В. Витюкту [175], А.Г. Володинди [44], С. Гаджиевди [45], Б.С. Гершунскийди [182], З.Т.Голенкованы [46], В.А. Гуторовду [191], М.В.Ильинди [202], И.И. Кравченкону [51], Ю.А. Красинди [53], А.М. Мигранянды [235, 236,237], С.П. Перегудовду [61], Ю.М. Резникти [62,63], В.Г. Смольковду [65], В.Г.Хоросту [76] жана башкаларды кошууга болот. Ю.А.Красин жарандарда улам көбөйүп бара жаткан кызыкчылыктардын көп түрдүүлүгү коомду байытууда деп жазат [52]. Л. Сморгунов тор сыяктуу коомдук байланыштар тең укукта жана бири-бирине пайдалуу кызматташтыкта жашоосу тийиш дейт [66].

2003-жылы Москвадан чыккан жыйнакта мамлекет ӨЭУларды кандай жолдор менен колдоору, ӨЭУлар кандай ыкмалар менен коомчулукка, жеке адамдарга социалдык жактан жардам бере алышаары каралган. Жыйнактын авторлору ӨЭУлардын ишин өкмөт четке какпай, тескерисинче кызматташуу керектигин сунуштаган [176].

*Азыркы учурда Орусия федерациясынын жана КМШ өлкөлөрүнүн мейкиндигинде жалпысынан жарандык коомду изилдөө чоң кызыгууну туудуруп жатат.* Мисалы, 1991-жылы Москвада А.Н. Николаеванын эл аралык жарандык коомдордун укуктук маселелери боюнча диссертациясы жакталса [251], 2005-жылы Орусия менен Германиянын ӨЭУнын саясий өнүгүүдөгү ролу боюнча Д.Н. Нечаевдин докторлук диссертациясы корголгон [35]. Коңшулаш Казахстандык окумуштуулар да, мисалы Б.З. Отарбаева Казахстандагы жарандык коом менен мамлекеттик уюмдардын социалдык маселелерди чечүүдөгү кызматташтыгы боюнча диссертация жазса [34], А.С. Аманбаев республикадагы экологиялык кыймылдын ишмердигинин тарыхын жарандык коомдун белгилүү бир тармактык иш-аракети катары изилдеп чыккан [24].

*Эгемендик доордогу кыргыз тарыхнаамасы.* Кыргыз окумуштуулары жарандык коомдун түптөлүшү, анын укуктук-мыйзамдык базасы, иш-аракеттери, ишмердигинин өзгөчөлүктөрү, иштөө багыттары, азыркы абалы жана келечеги боюнча бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, диссертацияларды даярдашууда. Жарандык коом маселесине алгачкылардан болуп окумуштуулар А.Б. Элебаева менен Б.Ж. Бешимов кайрылышкан [290]. 1990-жылдардын орто чениндеги Кыргызстандагы саясий процесстерди Т. Койчуев изилдесе [211], профессор Т.О. Ожукеева эгемендиктин 5-10 жыл ичиндеги мамлекеттик саясатты, анын ичинде жарандык коомго тиешелүү маселелерди карап өткөн [258, 259]. Кийинки жылдары КРСУнун профессору М.Н. Оморовдун [260], белгилүү юрист Т.А. Мукамбаеванын [241] изилдөөлөрү да баалуу.

Кыргызстандын жарандык коомунун калыптануу тажрыйбасын, мыйзам ченемдери менен өзгөчөлүктөрүн изилдеген У.К. Чиналиевдин тыштан кирген радикалдуу коомдук элементтер Кыргызстандын жарандык коомунун түптөлүшүнө өбөлгө түзгөндүгү [286], Ч.Т. Нусуповдун жарандык коомдун саясий ишмердиги улутту руханий жактан биригүүгө алып бараары жөнүндөгү [254] жана юрист Б.Г. Тугельбаеванын жарандык демилгелерди түртүү (лоббирование) боюнча эмгектери [280], Ч.У. Койчумановanын жарандык коом демократиялуу Кыргызстандын коомдук турмушунда зор роль ойноп тургандыгын тастыктагандыгы [212], Ч. Чотаеванын диндин жарандык коомго тийгизген таасирлери жөнүндө жазганы [287], 90-жылдардагы саясий маселелерди иликтеген У. Чотоновдун [288] монографиялары Кыргызстандын жарандык коомун изилдөө айдыңын байытышты.

2006-жылы Э. Шишкараеванын жетекчилиги менен автордук топ Кыргызстандын ӨЭУдарынын 20 жылдык иш-аракеттерине сереп салган алгачкы комплекстүү изилдөөсү, анда жарандык сектордун калыптануусун эки этапка бөлүүсү (1985–1994, 1995–2004) изилдөө үчүн маанилүү болду [255].

XXI к. башында ой-пикирлерди жыйынтыктоо катары окуу-усулдук куралдар жарыялана баштаган. Мисалы, А.Б. Элебаеванын жаран таануу боюнча окуу-куралы [185], А.О. Мамытова менен Ч.М. Кошоеванын мамлекеттик жана жергиликтүү башкарууда гендердик саясат боюнча окуу куралы [229], 2011-жылы З.К. Курманов, А.Б. Элебаева жана А.В. Макаровдун авторлоштугунда кыргыз жана орус тилдеринде «Жаран таануу» аттуу окуу-усулдук куралы [217], 2012-13-жылдары А. Мурзакулованын «Кыргызстан: жаран жана мамлекет» деген бараандуу окуу куралы кыргыз жана орус тилдеринде жарык көргөн [242, 243, 244].

2001-жылы саясат таануучулар А.А. Жунусовдун [30], А.К. Бектанованын [27], Э.Ж. Мамбеталиеванын [32] жарандык коомго байланыштуу диссертациялык изилдөөлөрү жаңы пикирлерди жаратып, ал эми С.К. Матикееванын диссертациясынын изилдөө объектиси тикелей өкмөттүк эмес уюмдарга арналган [33]. Э. Шишкараева кандидаттык диссертациясында Кыргызстандын жарандык кому өз алдынча калыптанып, эгемен Кыргызстандын социалдык түзүмүнүн ажырагыс бир бөлүгү катары өнүгүп келе жаткандыгын тастыктаган [40]. Кыргызстандагы жарандык коомдун

өнүгүү алкагындагы саясий маселелер, партиялуулук боюнча З.И. Галиеванын докторлук диссертациясы [28] тарыхнаамага олуттуу салым кошо алган. Ушул маселени жаш окумуштуу Г.А. Анарбаева да улантып, диссертациясын жактаган [25]. Ушул жылдары Кыргызстандын коомдук-саясий трансформациялануу шарттарындагы жакырчылыкты жоюу маселеси окумуштуу Н.С. Усупованын изилдөө объектиси болуп, ал тема боюнча салыштырмалуу омоктуу монография жарыялаган жана ошол эле маселе боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуу даражасын алуу үчүн диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Окумуштуунун изилдөөсүндө аталган маселенин алкагында жарандык коомдун иштери да чагылдырылган [39, 281]. Кыргызстандын жарандык коомунун калыптануусу Омбудсмен (Акыйкатчы) институнун келип чыгуусунун бирден-бир өбөлгөсү жана көп партиялуулук Кыргызстандын жарандык коомунун зарыл элементи экендиги талдоого алынган илимий маселе окумуштуу Ч.У. Койчумированын Кыргызстандын Акыйкатчы институнун калыптануу тарыхы боюнча докторлук диссертациясында кеңири изилденген [81].

Тарыхнаамалык серепти жыйынтыктап келип, азыркы мезгилде Орусиялык илимди мындай койолу, батыштык саясат таануда деле жарандык коом боюнча барандуу жыйынтыктар жана аныктамалар жок.

*Кыргызстандын жарандык коомунун тарыхынын булактык базасы,* булактардын сакталган жайы боюнча: архивдик жана жарыяланган булактар деп бөлүнүп каралды. Ал эми мааниси боюнча төмөндөгүдөй 4 топко бөлүнүп каралды: мыйзам чыгаруучу расмий булактар; жарандык коомго тийешеси бар эл аралык, республикалык ар кандай уюмдардын программалары, уставдары, концепциялык пландары, отчеттору, баяндамалары, иш кагаздары; эл аралык жана республикалык илимий жыйындардын, талкуулардын материалдары, усулдук жыйнактар жана маалымат (справочник) китепчелери; массалык-маалымат каражаттары;

Жалпы караганда булактар жеткиликтүү жана бай сыяктанат, бирок алар кай бир маселелерди кароодо, маселен 2010-жылдагы Июнь окуяларындагы кыргыз ММКсынын «маалымат согушундагы» кемчиликтери, атүгүл «жеңилип калышы» сыяктуу маселерде ӨЭУдардын ролу тууралуу жана Кыргызстандын жарандык коомунун региондордо жайгашкан көптөгөн уюмдары жөнүндө маалымат булактары жетишсиз. Ошондой эле Кыргызстандын жарандык коомунун түрдүү уюмдары боюнча расмий булактардын көз караштары бирдей эмес, ӨЭУдардын өздөрү, алардын ишмердигин чагылдырган маалыматтар позициялык жана оппозициялык көз караштa турушат. Демек, бул булактарды сын көз менен колдонуу талап калынат.

*Изилдөө методологиясы жана ыкмалары.* Изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхыйлык, диалектикалык биримдик жана системалык-структуралык принциптер түздү. Диссертациялык изилдөө учурунда тарыхый изилдөө ыкмаларынан төмөнкүлөр колдонулду. Алар: хронологиялык, салыштырмалуулук, анализ-синтез жана эмпирикалык аңдоо.

**«Кыргызстандын жарандык коому: теориялык негиздери жана калыптанышы»** деп аталган экинчи бапта автор Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусун, жарандык билим берүүнүн өнүгүүсүндөгү анын ролу изилденген, анда азыркы Кыргызстандын коомдук өнүгүү жаатындагы жарандык коомдун теориялык негизи терең талдоого алынган.

Коом жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдүн байыркы грек жана рим ойчулдарынын эмгектеринен эле жолугары, маселен Платондун [266], Аристотелдин [168] эмгектеринде чагылып, алар теориялык жактан жарандык коом менен мамлекетти бирдей эле тегиздиктеги түшүнүк катары кабылдашкандыгы айтылат.

Орто кылымдарда А. Августиндин [158], Ф.М. Аквинскийдин [162] жана башкалардын чыгармаларында жарандык коом тууралуу пикирлер бар. XVII-XVIII кылымдардан Н. Макиавелли [226], Т. Кампанелла [208] жарандык коом жөнүндө аздыр-көптүр таасын ойлорду айта башташкан. Ал эми кеч орто кылымдардагы, жаңы доордогу европалык ойчулдар тарыхый фактыларга негизделген аныктамаларды бере алган. Алар  Г. Гроций [190], Т. Гоббс [183] менен  Дж. Локк [282], Ш.Л. Монтескье [239], Ж.Ж. Руссолор[271] болушкан.

XVIII кылымдын ичинде жана XIX  кылымдын башталышында  бир катар европалык жана америкалык коомдук илимдердин өкүлдөрү жарандык коом менен мамлекеттин арасындагы мамилени изилдей башташкан. Алардын арасынан В. Гумбольдду [252], И. Кантты [249], Ф. Гегелди [179] баса көрсөтүүгө болот. Жарандык коомду изилдөөдө улуу ойчулдар К. Маркс менен Ф. Энгельс да чоң салым кошушкан [230, 231, 232,]. Алар Ф. Гегелдин мамлекетти жарандык коомдун үстүндөгү нерсе катары көрсөткөн көз карашын сындап, жарандык коом менен мамлекеттин алакасы таптык мүнөздө болоору жөнүндө теория иштеп чыгышкан.

1917-жылга чейин Орусиянын саясий ой-пикири классикалык үч баскычты басып өткөн. Алар: консерватизм, либерализм, жана социализм болчу. Консерватизм багытында А.И. Гучков, князь Г.Е. Львов, В.М. Пуришкевич, М.В. Родзянко, П.А. Столыпин жана башкалар [275], либерализмде С.А Муромцев [277, 21-63-бб.], социализмде П.И. Новгородцев [253], И.А. Ильин [278, 8-180-бб.], кийин  орус консерватизминин ири өкүлүнө айланган А Солженицындар болушкан.

Диссертанттын оюу боюнча, советтик доордо «жарандык коом» деген термин орду-түбү менен жок кылынган. Ал түшүнүк «социалисттик коом» деген түшүнүккө кескин карама-каршы түшүнүк катары саналган. Чынында, кесиптик (профсоюздук) бирикме, комсомол, кооперация, чыгармачылык бирикмелер, ДОСААФ сыяктуу уюмдар жарандык коомдун базасын түзмөк. Бирок, алар коммунисттик идеологияга толук баш ийдирилип калган. Ал эми «адам», «жаран» советтик-тоталитардык машинанын жөнөкөй гана «тетиги» катары эсептелинген.

Жарандык коом жөнүндө теориялык жана практикалык изилдөөлөр негизинен постсоветтик мезгилде кеңири жолго коюлду. Бирок аны изилдөө али да улантылып келе жататкандыктан, «жарандык коом» түшүнүгүнө али так

аныктама бериле элек. Андыктан, автор тарабынан «жарандык коом» түшүнүгүнө **илимий аныктама** сунушталды: *Жарандык коом – деп мамлекеттик эмес жана саясий эмес жеке инсандык, үй-бүлөлүк, социалдык, маданий, баам-парасаттык, экономикалык жана башка салыштырмалуу өз алдынчалыкта жашап, автономдуулукка ээ болуу менен мамлекеттин адаттан тыш кирише берүүсүнөн камсыздалган мамилелердин жыйындысын айтабыз.* Жарандык коом сенек болуп катып калган, же уктап жаткан нерсе эмес, ал дайыма активдүү өз ара мамиледе, кыймылда өнүгүп турат.

Ошондой эле, кыргыз элинде салт катары жарандык коомдун элементтери жана жашоо принциптери боло келгендиги айтылат. Кийин советтик-тоталитардык режимде деле Кыргызстанда түрдүү коомдук уюмдар жашаган. Бул коомдордун азыркы жарандык коомго караганда негизги айырмачылыгы – алардын мамлекеттик саясатка карата пассивдүүлүгү болучу.

Жарандык коомдун активдүүлүгү 1980-жылдардын экинчи жарымынан баштап аз-аздап өнүккөн. 1985-жылдан кийинки бир катар элдик талкууларда, коомдук жандуу талаш-тартыштарда, айрыкча 1989-жылы кабыл алынган мамлекеттик тил мыйзамына, 1990-жылкы коогалаңдуу Ош окуяларына карата жарандык демилге жогорку деңгээлге көтөрүлгөн.

Э. Шишкараеванын [255, 36-71-бб.], Т. Кененсариевдин [122.], З.И. Галиеванын [28], АБРдын [126] мезгилге бөлүүсүн эске алуу менен Кыргызстандын жарандык коомунун түптөлүү жана калыптануу жараянын 4 этапка бөлүп караса болот.

*Биринчи этап. (1980-жылдардын аягы – 1991). Кыргызстандын жарандык коомунун түптөлүү этабы.* 80-жылдардын аягында пайда болгон коомдук-саясий кыймылдар кыргыз жана Кыргызстанда жашаган улуттардын улуттук аң-сезимин кескин түрдө жогорулаткан. Бишкек жана башка шаарларда жашаган жарандардын, башка улуттардын өкүлдөрүнө караганда, өзгөчө жаш кыргыз үй-бүлөлөрүнүн, дээрлик көпчүлүгүнүн жашаган үйлөрүнүн жоктугу, батирлерде көптөгөн жылдар бою жашап келиши, турак жай маселесинин өтө курч турушу, алардын арасында нааразычылыкты пайда кылган.

Этносоциалдык маселелерди көтөргөн эң алгачкы митинг Бишкек шаарында 1989-жылы жай айларында, кыргыз жаштары тарабынан уюштурулган. 1990-жылдын башында кыргыздардын саясий жана илимий катмарларынын өкүлдөрү жана жаштары этносоциалдык маселеден, этносаясий жана этномаданий талаптарды койгон митингдерге өтүшкөн. Бишкекте пайда болгон «Ашар», Ош шааарындагы «Ош аймагы» кыймылдары улуттук экономиканы, тилди, маданиятты жана салт-санааларды жандандыруу, кайрадан калыбына келтирүү жана аларды андан ары өнүктүрүү талаптарын коё башташкан [68]. Бул кыймылдар, кийин пайда болгон улуттук коомдук-саясий кыймылдардын башатында турган. 1991-жылы май айында пайда болгон «Кыргызстан Демократиялык кыймылынын» саясий максаты тең укуктуу, демократиялык, эгемендүү жана көз каранды эмес кыргыз мамлекетин түзүү, кыргыздарды кайрадан жандандыруу, анын улуттук рухун жана өзгөчөлүгүн өстүрүү жана өнүктүрүү деп эсептешкен [186].

Ачык жана активдүү жарандык кыймылдар 1990-жылдын 24-октябрында ал мезгилде Кыргыз ССРи деп аталган азырынча коммунисттик багыттагы коомдук алкакта түптөлгөн Президенттик кызмат орундун жарыяланышы жана аны менен катар өлкөдөгү саясий-экономикалык трансформациянын башталышы менен коштолгон. Айыгышкан талкуулар парламентке жаңы эле өткөн депутаттар арасында жүргөн.

*Экинчи этап. 1991-1995-жылдар. Кыргызстандын жарандык коомунун коомдук-саясий жактан калыптануу этабы.* Кыргыз ССРинин ошол кездеги Жогорку Кеңеши 1991-жылдын 31-августунда мамлекеттик көз карандысыздыктын тарыхый декларациясын жарыялаган [2]. Бул дата эгемендүү Кыргыз Республикасынын эң көрүнүктүү бүткүл элдик майрамы катары калып келет.1991-жылдын 31-августунан кийинки орчундуу саясий окуялар катары Кыргызстандын коммунисттик партиясынын ишмердигинин 4-сентябрдан баштап токтотулушу, эгемендүү Кыргызстандын туңгуч Президентинин 12-октябрда шайланышы болуп калган [21].

Кыргыз элинин саясий аң-сезими коңшу өлкөлөргө караганда тез темп менен өнүккөн. Алгачкы түзүлгөн коомдук уюмдарды Өкмөттүк эмес уюмдардын «биринчи толкуну» деп атоого болот. Алардын катарында чынында элдин турмушун оңдоого жан дили менен аракеттенген, өзүнүн Уставдык максаттарына берилген, мамлекеттеги көйгөйлүү маселелерди акыйкатта чечүүгө көмөктөшүүгө аракеттенген адамдар бар эле. Мисалы, андайларга «Алейне» (1993) аттуу Кыргызстан экологиялык кыймылын, Ысык-Көл облусундагы «Үмүт» коомдук бирикмени (1991), «Адам укуктары боюнча Бюрону» (1993) жана башкаларды кошууга болот.

1991-жылдан Кыргызстанда коомдук-саясий уюмдарды түзүү кыймылы күч алып, ал негизинен антикоммунисттик, демократиялык, ошондой эле улуттук коомдук уюмдар болгон. Башталган демократиялык өзгөрүүлөр Кыргызстанда бир катар саясий партиялардын түзүлүшүнө жана өкмөттүк эмес уюмдардын уюштурулушуна алып келди. Эгер 1991-жылы Кыргызстанда «Коммунисттердин партиясы» менен «Кыргызстандын демократиялык кыймылы (КДК)» деген эки гана саясий партия катталса, 1994-жылдын аягында саясий партиялардын саны 14кө жеткен. 1990-жылдары ӨЭУдар тез темп менен пайда боло баштаган.

*Үчүнчү этап. 1996-2005-жылдар. Кыргызстандагы жарандык коомдун сандык жана сапаттык өсүш этабы.* 90-жылдардын орто ченинен Кыргызстанда бир катар эл аралык өкмөттүк эмес фонддор иштеген. Мындай уюмдардын негизги иш аракети жана миссиясы жергиликтүү Өкмөттүк эмес уюмдарды түзүүгө укуктук-нормативдик жана каржылык (гранттык) жардам берүү эле. Бул эл аралык уюмдар Кыргызстанда катталып, аккредитациядан өтүшкөн. Мунун өзү Кыргызстанда бир нече ири долбоорлордун ишке киришине алып келген. Мисалы, маанилүү долбоорлордон «Адамдын туруктуу өнүгүүсү боюнча улуттук стратегия», «Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери (КОР) эле [ 210].

2000-жылдардан баштап ӨЭУлардын сандык жактан дүркүрөп өсүүсүн көрөбүз. Мунун өзү Кыргызстандагы жарандык коомдун түптөлүп бүтүп, анын өнүгүү дооруна киргендигин айгинелеп турат. Түптөлүү дооруна караганда Кыргызстандын жарандык коомунун өнүгүү доору бир катар багыттар менен айырмаланат. Эгер түптөлүү доорунун биринчи этабында саясий түстөгү уюмдар пайда болуп, ал эми экинчи этабында негизинен саясий эмес коомдук уюмдар ишке киргизилсе, эми Кыргызстандын жарандык коомунун өнүгүү доорунда саясий да, саясий эмес да багыттагы ишмердүүлүк кеңири жайылган. Мисалы, XXI кылымдын башынан, айрыкча 2002-жылдагы Аксы окуяларынын алдында жана андан кийин мамлекеттик аппараттын демократиялык өнүгүүгө каршы болгон тоскоолдуктары менен күрөшүү, акаевдик системанын «үй бүлөлүк» башкаруусуна каршы аракеттер, саясий куугунтуктоону ооздуктоо, сөз эркиндиги, өзгөчө коррупцияга каршы күрөш сыяктуу аракеттер басымдуулук кылат.

Автордун оюу боюнча Кыргызстанда жарандык коомдун өнүгүү темпи башка КМШ өлкөлөрүнө караганда алда канча ыкчам жүрүп келе жаткандыгына ынанууга болот. Айрым байкоолордон белгилүү болгондой, 2004-жылы коммерциялык эмес уюмдарда 20 миңден ашык адам туруктуу иштесе, ал эми убактылуу (эксперттер, кеңешчилер) 10 миңге жакын адам жана 8 миң ыктыярдуу (волонтер) адамдар иштеген. Башка байкоолорго ылайык, КЭУ секторунда жалпысынан 100 миңге жакын киши иштейт, бул болсо өлкөнүн эмгекке жарактуу жарандарынын 5 % ын түзөт [172]. Бул көрсөткүчтөрдүн ортосундагы айырмачылык чоң экендигине карабастан, эксперттер менен байкоочулар КЭУ секторунда абдан активдүү жарандар менен кыйла күчтүү эксперттер бар деген бир пикирде турушат [245].

2005-жылдарга чейин түрлүү ӨЭУлардын басымдуу көпчүлүгү Бишкекте, калгандары Ош, Жалал-Абад, Каракол сыяктуу шаарларда гана жайгашкан. Ал эми башка калк жыш отрукташкан пункттарда жокко эсе эле. Чын-чынына келгенде, алар коомдо чын эле «жарандык коом» деп аталган миссиясын толук актап жатат деген пикирге жооп бербей келгендигин белгилөөгө болот. Демек, Кыргызстанда али толук кандуу жарандык коомду түзүү жараяны 2005-жылдарга чейин аяктай элек деген корутундуну 2006-жылдары жазып чыгышкан айрым окумуштуулардын пикирин туура деп эсептөөгө болот [122].

*Төртүнчү этап. 2005-жылдан баштап-ушул мезгилге чейин. Кыргызстан жарандык коомунун заманбап ишмердигинин өнүгүү этабы.* 2005-жылдан кийин, айрыкча 2010-2011-жылдардагы саясий окуялардын мезгилинде, жарандык уюмдардын басымдуу өкүлдөрү мамлекеттик саясатка, коомдук турмушка таасир этип, активдүүлүгүн көрсөтө баштаган. Парламенттик башкарууга кирген өлкө катары Кыргызстан жарандык коом өз миссиясына жооп берээрлик абалга көтөрүү үчүн ММК жана интернет айдыңы менен айкалышкан олуттуу концептуалдуу программаларды кабыл алып, ишти концептуалдуу жөнгө салуу зарыл экендигин мезгил тастыктоодо.

Бул этапта Кыргызстандын жарандык коому негизинен калыптанып бүткөн. Аны өлкөдөгү жарандык уюмдардын саны да айгинелеп турат. Салык

инспекциясынын маалыматтарына таянсак, 2011-жылга карата ӨЭУлардын жалпы саны 600-700дүн тегерегинде. Алардын 400ү Бишкек шаарында жайгашкан. Кыргызстандагы бардык ӨЭУдардын активдүү мүчөлөрүнүн саны 3600 адамды түзөт. Бул болсо экономикалык жактан активдүү жарандардын 0,1 – 0,2 пайызын көрсөтөт. ӨЭУдардын ичинде аялдардын катышы артыкчылык кылат [193]. Бирок, айрым журналисттердин эсеби боюнча мисалы 2010-жылдагы Июнь окуялары мезгилинде Кыргызстандагы ӨЭУлардын саны 5 миңден 10 миңге чейин жеткен деген пикирлер да бар. Бир эле 2010-жылы Кыргызстанда 1500дөн ашуун жаңы коомдук уюмдар, анын ичинде саясий партиялар, 142 массалык-маалымат каражаттары катталгандыгын Адилет министрлигинин маалыматына таянган 24 kg электрондук сайты жазып чыккан [126]. 2013-жылдагы маалыматтарды Дело № гезити 26-сентябрдагы санында Кыргызстанда 5501 коомдук бирикме, 4563 коомдук фонд, 7490 мекеме, 353 диний уюмдар, 205 саясий партия, 593 турак-жай кожоюндарынын жамаатчылыгы – баары болуп 19 миң уюм, же болбосо КЭУ бар деп жазат. Бирок, алардын чынында жарандык уюмдар катары активдүү иштеп жаткандары 1 миңдин тегерегинде болот деп божомолдоого мүмкүн.

Кыргызстандагы жарандык уюмдар негизинен эки категорияга бөлүнүшөт. *Биринчиси* – саясий-институционалдык типтеги уюмдар. *Экинчи* типтеги уюмдар көбүн эсе жер-жерлердеги практикалык иштер менен алектенишет. ПРООНдун типтештирүүсү боюнча Кыргызстандагы жарандык уюмдар төмөнкү 5 категорияга бөлүнүшөт: тигил же бул топтун кызыкчылыгын коргоочу бирикмелер; кызыкчылык боюнча бириккен уюмдар; соопчулук уюмдары; улуттук азчылыктардын кызыкчылыктарын коргоочу ассоциациялар; өнүгүү уюмдары.

Бул этапта деле Кыргызстандын жарандык коому каржылоо жагынан тышкы демөөрчүлөрдөн көз каранды болуп жаткандыгын белгилөө зарыл. Эксперттердин баалоосу боюнча 90-100 пайыз Кыргызстандын жарандык уюмдары 1991-жылдан тартып эл аралык донорлук уюмдар тарабынан каржыланып келет. Негизги каржылоосу эл аралык уюмдарга Азия Өнүгүү банкы, ПРООН, Сорос фонду, Улуттук Демократиялык институт (NDI), ЮСАИД, Глобалдык экологиялык фонд жана башкалар эсептелинет. Бирок, Кыргызстандын жарандык коомуна берилген каржылоонун көлөмү канча болгондугу жөнүндө так статистикалык маалымат жок [126].

Ошондой болсо да болжолдоо менен муну айтса болот. Мисалы, 1994-жылдан 2011-жылга чейин Кыргызстан АБР баары болуп 31 карыз, 14 грант алган. Ал 985, 3 млн америкалык доллар сумманы түзөт. Анын ичинен мыйзам чыгаруу, мамлекет, башкаруу, коомдук секторго 11 пайыз кеткен. Демек, Кыргызстандагы жарандык коом үчүн 7 жылда АБР банкынан гана 90 млн. АКШ долларына тете каржылоо болгон деп божомолдоого мүмкүн [126].

Кыргызстандын жарандык коомунун калыптануусундагы ар бир этапта анын *укуктук-мыйзамдык базасы* да түзүлүп олтурган. Кыргызстандын жарандык коомунун жалпы жашоосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8,16-беренелерине ылайык аныкталып келет [9]. Бирок, ага

чейин эле 1991-жылдын 1-февралында "Коомдук бирикмелер жөнүндө» деген жарандык коомго тикелей тийешелүү алгачкы мыйзам [90] кабыл алынган. Алардан кийинки 1996-жылдын 8-майында бекитилген Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси жөнүндөгү мыйзамы [1], 1996-жылдын 12-июлунда кабыл алынган «КРнын «Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамы, 1996-жылы 26-июнунда кабыл алынып, 2008-жылдын 17-октябрында өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен киргизилген Салык кодекси, 1999-жылдын 15-октябрында кабыл алынган «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» [90] мыйзамы, КРнын башка укуктук-ченемдик актылары, эл аралык актылар Кыргызстан жарандык коомунун ишмердигин ички жана тышкы маселелерде да тартипке келтирип турат.

Кыргыз Республикасынын жарандык коомунун Кыргызстандын өзгөчөлүгүнө, анын эл аралык ордуна карата *бир катар көйгөйлүү маселелери* бар. Кыргызстанда аракеттенип жаткан эл аралык, жергиликтүү жарандык уюмдардын ондогон өкүлдөрү «модерндешкен батыштык либералдык демократиянын» салттуу кыргыз коомчулугуна жат элементтерин кээде аңдабастан, айрымдары атайылап эле киргизүүгө аракеттенгендиги айрым изилдөөчүлөр тарабынан айтылып келет [121]. Фактылар көрсөтүп тургандай али да алардын ишмердигинде көйгөйлүү маселелер, так эместиктер, алешемдиктер, атүгүл жарандык коомдун миссиясына карама-каршы келген жагдайлар дагы эле учуроодо. 2010-жылдын Июнь айындагы улуттар аралык араздашуу сыяктуу драмалык окуялар, өкмөттүн жасап жаткан иштерине наарaзылыктар, айрым бир чыга калып жаткан, маселен шайлоолор кезиндеги, кен байлыктарды иштетүүдөгү (Кумтөр, Жерүй), Оштогу Июнь окуясынан жабыркагандарга үй салып берүүдөгү, «Батукаев», А. Аскаров» маселесинде жана башка ушул сыяктуу багыттардагы жагымсыз, атүгүл коомчулукту наарaзы кылган «оркойгон эле былык иштер» болуп саналган фактыларга коомчулук көңүл бөлгөн учурларда жарандык коомдун өкүлдөрүнүн көз караштары бирдей эмес, атүгүл карама-каршы болууда. Маселен, 2013-14-жылдардагы көтөрүлгөн «гей»маселесин бир тарабы колдосо, экинчи тарабы каршы турган убактар болууда.

Жарандык коомдун кай бир уюмдары боюнча батыштык баалуулуктарды гана коргоо менен, түпкү калктын салттуу баалуулуктарына каршы туруу болуп жатат деген пикир менен 2014-15-жылдарда Кыргыз парламентинде бир катар мыйзам долбоорлор даярдалгандыгы маалым. Айрым ӨЭУдар өз донорлору үчүн маалымат чогултушат деген жагымсыз пикирлер бар. Мисалы «Эл аралык толеранттуулук» Фонду, «Укуктук жана экономикалык реформаларды колдоо фонду», Борбордук Азиянын укук коргоочуларынын тармагы», «Фергана өрөөнүнүн чегарасыз юристтери», «Соломондун нуру», «Жарандар коррупцияга каршы», «Адилет», «Кылым шамы», "Психикалык ден соолук жана коом» жана башка жарандык уюмдар Кыргызстандагы болуп жаткан процесстер, айрыкча улуттар арасындагы, жашоонун мерчемдүү жерлериндеги маселелерде өздөрүнүн донорлоруна маалымат чогултуп жүрүшөт деген каңшаарлар массалык маалымат каражаттарында айтылууда.

Ошондой болсо да 2010-2011-жылдардагы саясий окуялардын мезгилинде, жарандык уюмдардын айрым өкүлдөрү мамлекеттик саясатка, коомдук турмушка таасир этип, активдүүлүгүн көрсөтө баштагандыгы кубанарлык нерсе.

Маалымат коопсуздугу улуттук коопсуздуктун маанилүү курамдык бөлүгү жана жарандык коомдун өнүгүүсүнүн негизги кепили болуп саналаары белгиленет. Коомдук мааниге ээ маалыматтарды билүүгө мүмкүндүк алуу – жарандардын мамлекеттик иштерди башкаруудагы жана башкаруучу органдардын ишин көзөмөлдөөдөгү негизги куралы. Маалыматтардын эркиндигин камсыз кылуу жарандык билим алууга байланыштуу. Жогорку милдетти чечүүдө жарандык билим берүүнүн мааниси чоң. Бул бир жагынан үзгүлтүксүз билим берүүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан, өзү жашап жаткан өлкөнүн Баш мыйзамы, саясий турмушу, мамлекеттүүлүк системасы, жарандык укук жана милдеттер менен тааныш, алардын негиздерин билиш инсандык ошол өлкөнүн «толук кандуу» атуулу болуп калыптанышына алып келет.

Иш жүзүндө жарандык билим берүү төмөнкү эки түр менен ишке ашырылышы мүмкүн. Алардын биринчиси *инклюзивдик* модель деп аталып, анда ар кандай жашоо шартындагы, ар кандай мүмкүнчүлүктөгү атуулдар (жаш муундар жана чоң адамдар) бирдей жана чектелбеген шарттарда жарандык билим алышат [257]. Жарандык билим берүүнүн экинчи түрүн *эксклюзивдик* деп аталган модель түзөт. Адатта бул модель атуулдардын жарандык билим алууда пассивдүү, чектелген, калыпка салынган ыкмасы. Советтик-тоталитардык убактагы окутуунун модели ушундай болгон. Анда жарандык турмуш советтик идеологиянын кызыкчылыгына гана туураланып, чектелген жана кайсыл бир деңгээлде «бурмаланган» идеологиялык тапшырма (заказ) менен окутулуп келген.

Бирок, жарандык билим берүүнүн эки модели тең зарыл. Алар атуулдардын маалыматтуулугун рационалдуулугун, илимийлигин, саясийлигин жана метафизикалык чен-өлчөмүн тең салмакта кармап туруучу мааниге ээ. Инклюзивдик модель маалымат топтомдорунун баарынан кабардар кылса, эксклюзивдик модель тигил же бул багыттагы билим маалыматын байытат.

Эгерде коом бийлик кандай ишке ашырылып жатканын билбесе, анда бийлик коомдо эмне болуп жатканын билбейт. Мындай кырдаалда мамлекеттин бюрократиялык аппараты жогорку бийликке чындыкты эмес, тескерисинче аларга жаккан, алар күткөн маалыматтарды жеткирип, бийликти жактоо, мактоо маанайын түзүүгө жөндөмдүү болот. Татаал кырдаалдарда болсо, чындыктан алыс калган бийлик туура эмес кадамдарга барып, ал эми маалыматтардан алыс калган же туура эмес маалыматтарды алган коомдо ар кандай маанай түзүлүп, алар жеке кызыкчылыкты көздөгөн кандайдыр бир үчүнчү күчтөрдүн, топтордун колундагы коркунучтуу куралга айланат.

Ошентип, мамлекеттик аппараттын жашыруун маалыматтардын тизмесин түзүп, бекитип алуу адаты, жашыруунун максатка ылайыктуулугуна эксперттик

баа берүүнүн жоктугу коомдун коопсуздугуна коркунучтарды жаратат. Демек, бул жерде жарандык билим берүүнүн мааниси зор.

**«Кыргызстандын жарандык коомунун иш тажрыйбасынан...»** деп аталган үчүнчү бапта кыргызстан жарандык коому менен мамлекеттин өз ара алакасы, 2010-ж. Июнь окуясы учурундагы мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуудагы, коррупция менен күрөшүүдөгү, күч органдарынын иш-аракеттеринде адам укуктарын коргоодогу кыргызстан жарандык коомунун ишмердүүлүгү каралган.

Кыргызстандын жарандык коому менен мамлекеттин карым-катнашын *үч чоң этапка* бөлүнүп каралды. 1990-2000-жж, 2000-2010-ж. жана 2010-жылдан азыркы мезгилге чейин. Кыргызстанда мамлекеттик бийлик менен жарандык коомдун ишкердүү алакасы 1990-жылдардын аяк ченине чейин жакшы жолго коюлбай келгендигин расмий булактар белгилеп келет. Кыргызстандагы ошол кездеги баары болуп 800 дөн ашуун бейөкмөт уюмдары менен мамлекеттин ортосундагы конструктивдүү алака калыптана элек болучу. Анын негизги себеби бейөкмөт уюмдары, жалпы эле үчүнчү сектор деп аталган коммерциялык эмес түрдүү уюмдардын ишмердиги жөнүндө мамлекеттик мыйзамдын жоктугу, бейөкмөт уюмдарынын финансылык ишмердигинин чаржайыттыгы, алардын жалпы жашоосунун бир тартипке келбегендиги болгон. Коомдук уюмдар жөнүндө конституциялык деңгээлде жалпы гана айтылганы менен анын укуктук-нормативдик базасы али калыптанган эмес.

Кыргызстан *коррупциянын* деңгээли боюнча 200 өлкөнүн ичинен 187-орунда турат [90], ал эми калк анын олуттуу төмөндөшү байкалбайт деп эсептейт [199]. Ушундан улам, мамлекеттик органдарга, анын ичинде сотторго ишенбей калган жарандар мамлекет тарабынан анчейин көзөмөлдөнбөгөн ар кандай диний уюмдар менен агымдарга азгырылып жатат. Мындай абал өлкөнүн коопсуздугуна башка бир коркунучту жаратат.

Көз карандысыз Кыргызстандын жыйырма жылдык тарыхында өлкөнүн жетекчилиги тарабынан коррупцияга каршы «күрөш» бир нече ирет жарыяланып, бирок ал «эл көзүнө» гана жасалган иш-аракеттер экендиги бат эле билинип келген. 2011-жылы декабрда уюшулган, коомдогу эң бир чуулуу көрүнүштөрдүн бири болгон коррупция менен күрөшүүчү адистештирилген түзүмдүн – КР УКМКнын Антикоррупциялык кызматынын уюштурулгандыгы, 2012-жылдын башында КРнын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы Планы менен Иш-чараларынын Программасына шайкеш келген Коррупцияга каршы стратегиянын бекитилгендиги, акыркы жылдардагы жогорку саясий элитадагы ири атка минерлердин кармалгандыгы республикада коррупцияга каршы жаңы саясаттын негизи түптөлдү деп айтууга мүмкүндүк берет.

Дагы бир коркунуч - баңги коррупциясы. Коом турмушуна тийгизер терс таасиринин күчтүүлүгү боюнча бул феномен баңгизатын колдонуудан кем калышпайт [201, 48-б.]. Кыргызстанда баңгизаттарга каршы күрөштү күчөтүү зарыл. Мында жарандык коомдун ролу зор.

*Күч түзүмдөрүндө адам укуктарын сактоо жаатында* Кыргызстан Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактынын (1966) жана

БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын (1984) катышуучусу болуп саналат. Бирок, 1999-жылы БУУда берген биринчи улуттук отчетунан баштап, республика мезгил-мезгили менен берилүүчү отчетторун бербей келет. КР Конституциясы жана кылмыш мыйзамдары кыйноолорго тыюу салгандыгына карабастан, Кыргызстанда алар олуттуу көйгөй бойдон калып келет. Кыйноолор ички иштер органдарында, аскердик бөлүктөрдө, пенитенциардык мекемелерде, психиатриялык клиникаларда, балдар үйлөрүндө, интернаттарда болууда.

2010-жылы өлкөнүн түштүгүндө болуп өткөн улуттук аралык чыр-чатактан кийин кыйноолор көбөйгөн. 2011-жылы Кыргызстанда БӨУдардын күчү менен 200 ашуун кыйноо көрүнүштөрү ачыкка чыкса, анын 87 пайызы ички иштер органдарына туура келет. Башкы прокуратура кыйноолорду колдонуу боюнча келип түшкөн арыздарга тийиштүү көңүл бурган жок [150].

Бейөкмөт уюмдардын маалыматтары жабык мекемелерге мониторинг жүргүзүүдө, кыйноодон жабыркагандарды же алардын туугандарын кабыл алып, аларга кеп-кеңеш берүү учурунда топтолуп турат. 2011-жылы бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн, Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлеринен түзүлгөн байкоочулар тобу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын бардык убактылуу кармоо изоляторлоруна (УКИ) мониторингдик кирип чыгуу иш-чарасын өткөрүп, анын жүрүшүндө ал жерлердеги камакта жаткан 193 адам сурай алган [160, 81-б.]. Суралгандардын дээрлик ар бир үчүнчүсү же 31,1 %ы кыйноого кабылгандыгын айтышкан [161, 71-б.]. Ушундай мониторингдик иш сапарлар ушул эле изоляторлорго 2012-жылы жүргүзүлгөндө, ал жерде камакта жаткандардын 39,4 %ы кыйноолордун болуп жаткандыгын айтышкан [223, 58-б.].

Кыйноолор Ички иштер министрлигинде эле эмес, Коргоо министрлигинде,Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетте, ЖАМК жана Чек ара кызматтарында да колдонулат деп укук коргоочулар ырасташат [85]. Бирок, буларда бир катар себептерге, анын ичинде ишмердик өзгөчөлүгүнө байланыштуу кыйноолор алда канча аз колдонулат. Жарандык коомдун өкүлдөрүнүн пикиринде мунун себеби милиция кызматкерлеринин сапаты начар, билим деңгээли талапка жооп бербейт деп санашат [92, 16-б.]. Анын үстүнө айлык акынын аздыгы жана техникалык базанын начардыгы да бир катарда турат [92, 23-б.].

Жалпылап айтканда, адам укуктары жана эркиндиги ИИМди реформалоонун негизги өзөгү болушу керек [206]. Мыйзам иштеген демократиялык мамлекетте бир дагы адам же кызматкер мыйзамдан жогору турбайт жана ар бир адам, ар бир мекеме мыйзам алдында жоопту. Мындай жоопкерчилик айрыкча милиция кызматкерлерине жүктөлөт. Милиция тарабынан кызмат аткаруу учурунда мыйзамдын, адам укугунун бузулушу эң оор кесепеттерге алып келиши мүмкүн, ал милицияга жана да сот адилеттигине элдин ишениминин жоголушуна алып келет [222, 161-б.].

## КОРУТУНДУ:

Диссертациянын **корутунду бөлүмүндө** изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. “Жарандык коом” жөнүндө антикалык окумуштуулардан баштап, ушул мезгилге чейин ойчулдар жана илимпоздор ар тараптуу анализдеп келишкен. Жарандык коом жөнүндөгү тарыхнаамалык сереп жарандык коом боюнча бирдей көз караштагы аныктамалар жок экендигин айгинеледи. Бул теореялык таанып-билүүчүлүк кемтикти толтуруу зарыл.
2. Кыргызстандын жарандык коомунун калыптануусу төмөнкү төрт этапта ишке ашкан. Алар: *Биринчи этап.* (1980-жылдардын аягы – 1991). Кыргызстандын жарандык коомунун түптөнүү этабы. *Экинчи этап.* 1991-1995-жылдар. Кыргызстандын жарандык коомунун коомдук-саясий жактан калыптаныш этабы. *Үчүнчү этап.* 1996-2005-жылдар. Кыргызстандагы жарандык коомдун сандык жана сапаттык өсүш этабы.*Төртүчү этап.* 2005-ушул мезгилге чейин. Кыргызстан жарандык коомунун заманбап ишмердигинин өнүгүү этабы.
3. Кыргызстандын жарандык коомунун жашоосу, анын ишмердиги эгемендик доордун алгачкы жылдарында эле кабыл алынган мыйзамдар менен аныкталган. Анын ана башында Кыргыз Республикасынын Конституциясы турат. Анын артынан "Коомдук бирикмелер жөнүндө” мыйзам (1991), Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси (1996), “КРнын “Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамы (1996), ошол жылы кабыл алынган “Салык кодекси”, “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзам (1999), КРнын башка укуктук-ченемдик актылары, ошондой эле КР тарабынан таанылган жана ратификацияланган эл аралык актылар турса, “Жамааттар жана бирикмелер жөнүндө» КРнын мыйзамы (2005) Кыргызстандын жарандык коомунун мыйзам-укуктук базасын толук камсыздап калган.
4. 2005-жылдарга чейин түрлүү ӨЭУлардын басымдуу көпчүлүгү Бишкекте, калгандары Ош, Жалал-Абад, Каракол сыяктуу шаарларда гана жайгашкан. Демек, Кыргызстанда али толук кандуу жарандык коомду түзүү процесси 2005-жылдарга чейин аяктаган эмес.2005-жылдан кийин, айрыкча 2010-2011-жылдардагы саясий окуялардын мезгилинде, жарандык уюмдардын айрым өкүлдөрү мамлекеттик саясатка, коомдук турмушка таасир этип, активдүүлүгүн көрсөтө баштаган. Ошентип, Кыргызстандын эгемен жылдарында Кыргызстандын жарандык коому толук кандуу коомдук институтка айланып, анын кыргыз коомчулундагы жана болочок демократиялуу өнүгүүсүндөгү орду бараандуу экендиги тастыкталды.
5. Маалыматтардын эркиндигин камсыз кылуу жарандык билим алууга байланыштуу. Жарандык билим алуу кеңири мааниде “жарандуулуктун” маданиятынын системасын калыптандыруу болуп эсептелет. Ал *инклюзивдик* жана *эксклюзивдик* дегенэки негизги ыкма менен ишке ашырылышы мүмкүн. Жарандык билим берүүнүн дагы бир жагы улуттук баалуулуктарды окутуу менен бирге эле, ошол өлкөдө жашап жаткан

башка улуттардын, этностордун, диний конфессиялардын баалуулуктарын, атүгүл кичине локалдык маанидеги (кичи маданият) баалуулуктарды да окутуу зарылдыгы чоң мааниге ээ.

**6.** Кыргызстандын жарандык коому менен мамлекеттин алакасынын өнүгүшүндө үч этапты белгилөөгө болот. Алар*: Биринчи этап.* 1990-2000-жылдардага өз ара карым-катнашта мамлекеттин жарандык коомго карата үстөмдүк мамилеси менен мүнөздөлөт. *Экинчи этап.* 2000-2010-жылдарда алгач мамлекеттин үстөмчүлдүгү уланса да жарандык коомдун активдүү аракети менен салыштырмалуу конструктивдүү мамилеге карай өнүгүшү менен белгилүү. *Үчүнчү этап.* 2010-жылдардан баштап ушул убакка чейин созулган мөөнөт Кыргызстандын жарандык коомунун заманбап, өз миссиясына жооп берерлик деңгээлде мамлекет менен интерактивдүү кызматташууга өтө баштагандыгы менен мүнөздүү.Кыргызстандагы жарандык коом менен мамлекеттин карым-катнашы негизинен демократиялык нукта. Мыйзамдык негизде ал карым-катнаш тийешелүү деңгээлде уюшулган, бирок практикалык иш-тажрыйбага келгенде али бир катар көйгөйлөр бар. Маселен, Парламент ЖКУлардын мыйзам жаратуу процессине катышуу мүмкүнчүлүгүнө толук шарт түзө элек.

**7.** Кыргызстандын жарандык коомунун иш аракеттери ар түрдүү жана ал өнүккөн өлкөлөрдүн жарандык коомунун дүйнөлүк тажрыйбасындагы бардык багыттарды кайталап турат. Мамлекет, экономика сыяктуу эки сектор менен катар эле “үчүнчү сектор” аталган Кыргызстандын жарандык коомунун азыркы кыргыз коомчулугундагы тарыхый орду, анын өнүгүүсүндөгү ролу бараандуу. Ага байланыштуу Кыргызстандын жарандык коомунун иш-аракеттеринин тажрыйбасынан төмөнкөлөрдү белгилөөгө татыктуу.

**8.** Кыргызстандын жарандык коомунун 2010-жылдагы Июнь окуяларынын тамыры Советтер Союзунун мезгилине барып такалат. 2010-жылы 11-14-июнда Ош жана Жалал-Абад шаарларындагы улут аралык кагылышуулар болуп, бул баш-аламандык өкүм сүргөн мезгилде эч кандай конституциялык бийлик болгон жок. Демек, кагылыш мезгилинде, анын кесепеттин жоюуда, кагылышта үй-бүлө мүчөлөрүн жоготкон, мүлкүнөн, там-ташынан ажыраган жарандар менен иштеген бирден-бир активдүү уюмдар жарандык коомдун активисттери болушту. Июнь окуялары жана андан кийинки мезгилдерде улуттар аралык жаңжалдын көйгөйлөрүн чөчүүгө арналган ондогон ӨЭУлар Ошто, Жалал-Абадда жана жалпы эле Кыргызстандын түштүк айматарында түзүлдү. Алардын коогаландуу Июнь окуяларынын кесепеттеринен арылууда эмгеги зор.

**9.** Кыргызстандагы коопсуздук маселелеринин али жөнгө салынбагандыгы экинчи бир коркунучту – коррупцияны күчөттү.Айлыктын аздыгы мамлекеттик кызматкерлердин дээрлик бардыгын, билим берүү менен саламаттыкты сактоо жаатындагы кызматкерлерди, күч түзүмдөрүнүн кадрларын, адилеттик уюмдардын жана сот-прокуратуранын, дегеле өлкөдөгү кызмат адамдарынын баарын пара алууга мажбурлоодо.

Коррупцияга каршы күрөштүн мамлекеттик маанилүү милдети болуп калгандыгын Кыргызстандын жарандык коому колдоп чыкты жана анын фрагментардуу, тандалма болушуна каршылыгын көрсөтүп келет.

**10.** Кыргызстан адам укуктары багытындагы эл аралык маанилүү декларациялардын, келишимдердин кол коюучусу, бул багыттагы уюмдардын мүчөсү. Бирок, тилекке каршы салыштырмалуу демократиялуулугу менен айырмаланган Кыргызстанда адам укугунун бузулушу, айрыкча анын күч түзүмдөрүндө, түрмөлөрдө сакталбагандыгы, кийинки мезгилде аялдарга жана жаш наристелерге карата адам укуктарынын бузулуусу күчөп жаткандыгы байкалууда. Кыргызстандын жарандык коомунун өкүлдөрүнүн бул багыттагы көйгөйлөрдө жөнгө салууга көмөктөшүү боюнча иш аракети олуттуу жана башка коңшу өлкөлөрдөн айырмаланып турат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргызстандын жарандык коомунун келечеги тийешелүү практикалык кеп-кеңештерге жана сунуштарга байланыштуу:

- *жарандык коом менен мамлекеттин карым-катнашы жаатында* Жогорку Кеңеште мыйзам актысын кабыл алуу, жарандык коом менен мамлекет өнөктөш-партнердик карым-катнашта болуу, мыйзамдарды даярдоого интерактивдүү катышууга жетишүү;
- *мамлекеттик коопсуздукту күчөтүү жана адам укуктарын камсыз кылуу жаатында* өлкөдөгү саясий атаандаштыкты тең салмакта сактоо менен мамлекеттик коопсуздукту чыңдоону күчөтүү, мыйзам коргоого алган жашыруун сырлардын сакталышына коркунуч туудуруучу маалыматтарды купуя сактоо боюнча баланс тутууга жетишүү;
- *коррупцияны оо здуктоого көмөктөшүү жаатында* коррупцияга каршы күрөштүн «тандалма» ыкмадан «мыйзам алдында баары жоопкер» принцибине өткөрүүгө жетишүү; коррупция менен күрөш жөнүндө жарандардын маалымдуулугун арттыруу;
- *адам укуктарынын жалпы сакталышын камсыздоо жаатында* аялдардын жана жаш наристелердин укуктарынын бузулушун байкоого приоритет берүү, жеке адамдын укугун баарынан жогору койгон батыштык либералдык принципти кыргыз элинин салттуу демократиясынын принициптерине ылайыктоого жетишүү;
- *Кыргызстандын жарандык коомунун келечек өнүгүшү жаатында* анын андан ары өнүгүшүн камсыз кылуучу укуктук-ченем, мамлекет менен эриш-аркак иштөө, башка заманбап ишмердикти улантуу жана башкалар сунушталды.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылган:**

1. *Зулпуева Р.Ж.*Эгемендүү Кыргызстанда жарандык коомдун түптөнүү тарыхынан...[Текст]/Р.Ж.Зулпуева// Известия вузов. Респ. научн.-теор-журн.- Бишкек, 2014.№ 10.-06-99-бб.
2. *Зулпуева Р.Ж.* Современные проблемы формирования гражданского общества Кыргызстана. [Текст]/Р.Ж.Зулпуева// Вестник Национальной академии наук Республики Казахстан. Серия Общественных и гуманитарных наук. № 6, ноябрь-декабрь, 2014. -с.155-161.
3. *Зулпуева Р.Ж.* 2010-жылдагы Ош, Жалал-Абаддагы июнь коогалаңы жана Кыргызстандын жарандык коому.[Текст]/Р.Ж.Зулпуева// Сулайман-Тоо. Тынчтыктын жана ынтымактын символу. Символ мира и согласия.//Вестник ОшГУ, 2014, № 3.вып 1. 102-106-бб.
4. *Зулпуева Р.Ж.* Кыргызстандагы мамлекеттик бийлик менен жарандык коомдун өз ара алакасынан 2000-2005-жж. өнүгүшү. [Текст]/Р.Ж.Зулпуева// ОшМУнун Жарчысы. 2014, № 2.-109-113-бб.
5. *Зулпуева Р.Ж.* Жарандык билим берүү жана анын кыргыз коомчулугундагы орду. [Текст]/Р.Ж.Зулпуева// И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Ат. чыгарылыш.-Б.,2015.-
6. *Зулпуева Р.Ж.* Мамлекет менен жарандык коомдун кызматташтыгынын начардыгы 2010-жылдагы Апрель Ыңкылабынын себеби катарында. [Текст]/Р.Ж.Зулпуева//»Тарых жана Мурас» түрмөгү. Доор жаңырткан элдик ыңкылаптар.-Б., 2015.-79-82-бб.
7. *Зулпуева Р.Ж.* Кыргызстандын жарандык коому: теореясы, калыптанышы жана түшүнүктөр. [Текст]/Р.Ж.Зулпуева //. – Ош, 2016, 88 б.
8. *Зулпуева Р.Ж.*Кыргызстандын жарандык коомунун адам укуктарын сактоо жаатындагы азыркы учурдагы ишмердиги. [Текст]/Р.Ж.Зулпуева//.- ЖАМУнун Жарчысы (басмада)

**Зулпуева Рабы Жаңыбаевнанын "Кыргызстандын жарандык коомунун калыптанышы жана тарыхый тажрыйбасы (1991–2012)" деген 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Ачкыч сөздөр:** *Кыргызстан. жарандык коом. теориялык негиздер, жарандык билим берүү, жарандык коом менен мамлекеттин карым-катнашы. коопсуздук маселеси. коррупция, адам укуктары.*

**Диссертациянын максаты** – 1991-2012-жылдарда эгемен Кыргызстандын жарандык коомунун теореялык негизин, түптөнүшүн жана ишмердик тажрыйбасын комплекстүү изилдөө.

Изилдөөнүн **объектиси** - эгемендүү Кыргызстандын мисалындагы жарандык коомдун тарыхы. **Предмети** - Кыргызстандын 1991-2012-жылдардагы жарандык коомунун түптөнүшү, анын теориялык негиздери, ишмердик тажрыйбасынын приоритеттүү багыттары.

**Изилдөөнүн методологиялык** негизин тарыхыйлык, диалектикалык биримдик, жана системалык-структуралык принциптер түздү. Изилдөө учурунда хронологиялык, салыштырмалуулук, анализ-синтез жана эмпирикалык аңдоо **ыкмалары** колдонулду.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы**

1. Эгемендүү Кыргызстандагы жарандык коомдун теориялык негиздери, калыптанышы тарыхый аспектиде комплекстүү, тарыхый-хронологиялык тартипте алгачкы жолу изилденет.
2. Эгемендүү Кыргызстандын жарандык коомунун азыркы тажрыйбасынын негизинде, анын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жарандык коомго жаңыча аныктамалар сунушталат.
3. Кыргызстандын жарандык коомунун иш багыттарынын бири болгон жарандык билим берүү алгачкы жолу иликтенет.
4. Кыргызстандын жарандык коомунун 2010-жылкы Июнь окуясы мезгилиндеги иш-аракети алгачкылардан болуп анализделет.
5. Кыргызстандын жарандык коомунун акыркы 10-12 жылдагы иш тажрыйбасынын айрымдары: мамлекет менен карым-катнашы, коопсуздук, коррупция жана адам укуктары багыттагы ишмердиги азыркы көз караштa сыпаатталат.

**Диссертациянын илимий практикалык мааниси**

Изилдөөнүн жарандык коом, анын теореялык негиздери, тарыхый орду жана өлкөнүн өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндөгү жыйынтыктар тарых, саясат таануу, социология жана башка коомдук илимдер үчүн **илимий-теориялык** мааниси бар. Ал эми **практикалык** жактан диссертациянын тарыхый фактологиялык материалдары илимий изилдөөлөрдө, жогорку окуу жайларынынын студенттери үчүн окуулуктарды, окуу-усулдук иштелмелерди даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулат.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**

Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 баптан, 8 параграфтан, корутундудан, практикалык сунуштардан, 292 аталмадагы булактардын жана адабияттардын тизмесинен, тиркемеден жана изилдөөчүнүн 8 эмгегинин тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү тиркеме менен бирге 203 бет.

# РЕЗЮМЕ

## на диссертацию Зулпуевой Рабы Жаныбаевны “Формиравание и исторический опыт гражданского общества Кыргызстана (1991–2012)” на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история

**Ключевые слова:** *Кыргызстан, гражданское общество, формирование, теоретические основы, гражданское образование, взаимоотношения с государством, вопросы безопасности, коррупции, прав человека.*

**Цель диссертации** – комплексное исследование теоретических основ, формирования и исторического опыта гражданского общества Кыргызстана в 1991–2012 годы.

**Объект** исследования – история гражданского общества на примере независимого Кыргызстана. **Предмет** – теоретические основы, формирование и приоритетные направления исторического опыта гражданского общества Кыргызстана в 1991–2012 годы.

**Методологическими основами исследования** являются принципы историзма, диалектического единства и структурно-системный принцип. В процессе исследования использованы хронологический, сравнительный, эмпирический методы и метод анализа-синтеза.

**Научная новизна диссертации**

1. Комплексно, в историко-хронологическом, историко-проблемном аспектах исследуются теоретические основы, процесс формирования и исторический опыт гражданского общества независимого Кыргызстана.
2. Предлагаются новые определения гражданскому обществу на основе исторического опыта, современного состояния и особенностей гражданского общества независимого Кыргызстана.
3. Впервые исследуются вопросы гражданского образования как одного из направлений деятельности кыргызского гражданского общества.
4. Впервые анализируется деятельность кыргызского гражданского общества во время июньских событий 2010 года.
5. Изучаются некоторые направления деятельности кыргызского гражданского общества последних 10–12 лет: взаимоотношения с государственной структурой, вопросы безопасности, коррупции и прав человека.

**Научно-практическое значение диссертации**

Выводы исследования кыргызского гражданского общества по теоретическим основам, историческому месту и роли в жизни современного Кыргызстана имеют *научно-теоретическое значение* для развития исторических, политологических, социологических и других общественных наук. Собранные фактические материалы диссертации имеют *практическое значение* для дальнейших научных изысканий, в подготовке учебников, учебных пособий для студентов вузов, в процессе преподавания и воспитания молодого поколения.

**Структура и объем диссертации**

Рукопись диссертации состоит из введения, 3-х глав из 8 параграфов, заключения, практических рекомендаций, списка использованной литературы и источников в количестве 292 наименований и приложений. Объем 203 с.

## THE RESUME

**R.Z.Zulpuevoj's dissertations "Essence and historical experience the Civil society of Kyrgyzstan(1991-2012)" on competition of a scientific degree of the candidate of historical sciences on a speciality 07.00.02 - national history.**

**Keywords:** *Kyrgyzstan. A civil society. Theoretical bases. Formation кыргыского a civil society. Secular education. Mutual relation of the state and a civil society. Ijunsky events of 1910. Safety. Corruption. Human rights. Practical recommendations.*

**The dissertation purpose -** Complex research of theoretical bases, formations and historical experience of a civil society of Kyrgyzstan in 1991-2012th years.

**Object of research -** history of a civil society on an example of independent Kyrgyzstan. **A subject -** theoretical bases, formation and priority directions of historical experience of a civil society of Kyrgyzstan in 1991-2012th years.

**Methodological bases** of research are principles of a historicism, dialectic unity and a structurally-system principle. In the course of research chronological, comparative, empirical **methods** and an analysis-synthesis method are used.

**Scientific novelty of the dissertation**

1. For the first time in a complex, in istoriko-chronological, istoriko-problem aspects it is investigated theoretical bases, process of formation and historical experience of a civil society of independent Kyrgyzstan.
2. New definitions Are offered a civil society on the basis of historical experience, modern a condition and features of a civil society of independent Kyrgyzstan.
3. For the first time it is investigated secular education questions as one of lines of activity of the Kirghiz civil society.
4. Activity of the Kirghiz civil society For the first time is analyzed during Ijunsky events of 2010.
5. Some lines of activity of the Kirghiz civil society of last 10-12 years Are studied: mutual relations with the state structure, questions безопастности, corruption and human rights.

**Scientifically-practical value of the dissertation**

On theoretical bases, a historical place and a role in life of modern Kyrgyzstan scientific-theoretical value for development of historical, politological, sociological and other social studies has conclusions of research of the Kirghiz civil society. The collected actual materials of the dissertation have practical value for the further scientific researches, in preparation of textbooks, manuals for students of high schools, in the course of teaching and education of young generation.

**Structure and dissertation volume**

The dissertation manuscript consists of introduction, 3 heads, 8 paragraphs, the conclusion, practical recommendations, the list of the used literature and sources in 292 name, the appendix and the list of 8 publications of the author. Dissertation volume together with the appendix 203 p.